


# Аксак Темирдин күмбөзүн ачуу согушка алып келгенби?

Аксак Темир-Темирландын тарыхтагы ордун кимдер билбейт. 1941-жылдын 22-июнундагы Улуу Ата мекендик согуштун башталышын дал ушул Темирландын сөөгү менен байланыштыргандары ары кызык, ары таң калыштуу.

Темирландын сөөгүн козгошкондо фашисттик Германия СССРге кол салды. 1336-жылы 21-мартта (мусулман жыл сүрүүсү боюнча 739 -740 - жылдар) чын куран айынын 21инде, планеталар тогошуп, бир катарга шурудай тизилген мезгилде Шахризаб шаарынан алыс эмес жайгашкан Кожо Илар деген көчмөндөр жашоодон отуруктаашкан, жашоого биротоло өтүшкөн чагатайлар тукумуна караштуу барлас уруусунун беги Тагайдын үйүндө бир колуна уюган канды мыжыгып, чачтары куудай аппак ымыркай туулат. XlV кылымдын 2 - жарымында Орто Азиядагы монголдордун бийлигин кулатып , Ооганды, Индияны, бүт Сибирь аймагын, Кавказды, Иранды, Иракты, Сирияны, Түркияны, Египетти багындырып, батыш жагы Кара денизге чейин өкүмдарлыгын жүргүзүп, он бутуна аксап баскандыктан «Темир лен» (Аксак Темир) аталып, бара-бара тарыхта «Темирлан» деген атка конгон улуу кол башчы (полководец) Амир Темир бул дүйнөгө ошентип келген экен.

Планеталар бир катарга тизилген мезгилде таралгандар Александр Македонский, пайгамбарыбыз Мухаммед алейхи выссалам, ал эми Тамерланга чейин колуна канды мыжыгып, Чыңгыз хан төрөлгөн дешет. Индияга алгач киргенде жүз миң индус жоокерин туткундап кайра чегинет. Индустар жаңы күч менен келгенде чоң тополоңдон пайдаланып, туткундардын душман тарапка өтө качышынан сактанып, баарын тизип туруп, бирден мууздаткан. Ал эми кичи Азиядагы Сивас шаарын басып алганда төрт миң адамды тирүүлөй жерге көмдүргөн. Ооганстандын Исфизар шаарына киргенде эки миң адамдын денесинен Ирандын Исфаган шаарында жетимиш миң адамдын башынан мунара курдурткан Темирлан карыган кезинде кытайды чапмакчы болуп жортуулга аттанып, Самарканддан чыгып Отор деген жерге келгенде, күтүлбөгөн катуу оорудан 1405-жылы 18-февралда көз жумган. Сөөгү өзүнүн падышачылыгынын борбору эсептелген Самаркан шаарына коюлат.1941 - жылдын март айынын аягында СССР илимдер академиясы И.В.Сталинге Самаркан шаарындагы Темирландын күмбөзүнө изилдөө иштерин жүргүзүүгө уруксат берүүсүн суранып кайрылат. Бул мезгилде фашисттик Германия Европа мамлекеттерин басып, СССРдин чек арасына күн санап жакындап баштаган мезгил эле. Көп өтпөй Сталиндин уруксаты менен Москвадан тарыхчы-чыгышчы Семенов, анитрополог Герасимов баштаган бир топ окумуштуулар Самарканга келишет. Академик Карниязов жетекчиликке дайындалган бул изилдөө иштери 1-июнда башталган. Гур Эмирде бардыгы болуп беш табыт жайгашкан болот. Темирландын табыты ортодо, анын тегерегине эки уулу Шахрух менен Мухаммед Султандын табыттары коюлган. Экспедиция эки уулу менен эки небересинин жайларын ачып, ар бир сөөккө чейин тыкыр изилдегенге киришет. Ошентип иш кызуу жүрүп жаткан күндөрдүн биринде алар үчүн коюлган сөрүгө түшкү тамакка чыгышып, ал жерде отурушкан үч абышканы көрүшөт. Бардык нерселерди тасмага түшүрүү иши моюнга жүктөлгөн жаш кинооператор Малик Каюмов баарынан биринчи келип, аларга салам айтат. Алар тегиз алик алгандан кийин «уулум, булардын арасында сен да барсыңбы?» дейт ортодо олтурганы. «Ооба, аксакал » дейт да, өзүнүн кылган милдетин айтат. Тиги карыя: «уулум, мынабу китепте «эгерде кимде-ким Амир Темирдин күмбөзүн ачса, согуш башталат» деп жазылган. Ал согушчул адам болгон. Силер бул ишиңерди токтотушуңар керек» -дейт колунда кармап турган китебин көрсөтүп. Араб тилинде окуй да, жаза да, түшүнө да билген Каюмов китепти колуна алып, окуп карайт да, Семеновго сунат. Андан Герасимов алып окуп чыккандан кийин «болбогон кеп» дейт да, китепти тиги абышкага кайра берет. Ангыча Темирлан жөнүндө китеп жазмакчы болуп, алар менен кошо жүргөн Садриддин Айни алардын бул айткандары кайдагы бир эскичилик нерселер экенин айтып, жактырбагандай түр көрсөткөн. Алар: «Биз эскертип койдук, бирок өзүңөр билгиле» дегенден башка сөз айтышпай, унчукпастан туруп кетишет. Каюмов бир топтон кийин жанагы аксакалдар китепти кайдан алганын сураш үчүн жүгүрүп барып, бурула бериш жерден үчөөнү тең жер жуткандай издеп таппай калат. Кийин ошол жердегилерден сураштырып, ал үч абышканы эч ким билбей турганын, деги эле андай китеп жөнүндө угушпагандыктарын айтышат. Кезек ортодо жайгашкан табытка келет. Бул күн 21-июнь болчу. Оор таш плитаны жылдырышып, бир метрдей тереңдикте турган жыгач табытты көрүшөт. Табыттын үстүндөгү алты кылымга жакын убакыттан бери кадимкидей турган коюу көк түстөгү матага күмүштөлүп жазылган баягы карыялар көргөзгөн китептеги жазууларды окушат. Бирок ишти токтотууга эч мүмкүн эмес эле. Табытты ачышканда, башы оң жагына жаткырылып, Меккени көздөй бурулган, боюнун узундугу 1 метр 70 сантиметрден жогору келген, бир кездеги бул дүйнөнүн жалгыз кожоюну- өкүмдар Аксак –Темирдин сөөгүн көрүшөт. Ошентип ал күнү баары Тамерландын сөөгү менен убара болушат да, кечинде эс алганы кетишет. Эртеси эртең менен «бүгүн 22-июнь таңкы саат төрттө фашисттик Германия тынчтык келишимди бузуп, баскынчылык менен Советтер Союзуна кол салды» деген суук кабарды угушат. Малик Каюмов камерасын көтөрүп согушка жөнөдү. Басса- турса баягы абышкалар көз алдынан кетпей, бир күнү жакынкы аскердик бөлүктөрдүн биринде генералдык штабдын начальниги, армия генералы Георгий Константининович Жуковдун өзү бар экендигин угуп, суранып айтып ага жолугат. Каюмов Жуковго баарын төкпөй чачпай айтып берет. Жуков буга өтө олуттуу мамиле жасап, бул окуя жөнүндө жолдош Сталинге сөзсүз билгизерин убада кылат. Ал келишим айткан убадасы боюнча Сталин менен болгон кезектеги жолугушуусунда ага билгизет. Ал эми Сталин Ташкентке телефон чалып, Өзбек ССРнин Борбордук комитетинин 1-катчысы Усман Юсуповго Темирландын жана анын эки уулу менен эки небересинин сөөктөрүн бардык ырым-жырым менен кайра койдуруусун буюрат. 1942-жылдын декабрь айында Темирландын сөөгү Гур Эмирге кайрадан коюлат. Кийинки күнү советтик аскерд[illegible] биринчи жеңиши Сталинграддын алдын[illegible]гы салгылашууда болот. Бул согушта немис аскерлери талкалканып, алтымыш миңден ашуун немис офицер, жоокерлери колго түшөт. Ошону менен бирге фронттун башка бөлүктөрүндө да советтик аскерлер душмандын мизин кайтарып, контур чабуулга өтөт.

Албетте, Темирландын сөөгү козголоор замат Германиянын СССРге кол салышы адам баласынын түшүнө да кирбеген мистика чыгаар. А балким тек гана дал келип калгандыр. Эмнеси болсо да, бул окуя табышмак бойдон калып, далай окумуштуулардын башын катырып келет.

**Сыдык Токонов**